**КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫ**
**ТАЛАС ОБЛУСУ**
**ТАЛАС РАЙОНУ**
**ШУМКАР-УЯ**
**АЙЫЛДЫК КЕҢЕШИ**

**КЫРГЫЗСКАЯ РЕСПУБЛИКА**
**ТАЛАССКАЯ ОБЛАСТЬ**
**ТАЛАССКИЙ РАЙОН**
**АЙЫЛНЫЙ КЕНЕШ**
**ШУМКАР-УЯ**

**Шумкар-Уя айылдык Кеңешинин I чакырылышынын VI сессиясынын**

# ТОКТОМ
# ПОСТАНОВЛЕНИЕ

13.05.2024-жыл №19 Сасык-Булак айылы

**“Шумкар-Уя айыл өкмөтүнүн муниципалдык жана контракттык негизде иштеген кызматкерлерине кошумча үстөк акы бекитүү” жөнүндө**

Кыргыз Республикасынын Президентинин 2022-жылдын 1-августу ПЖ №266 “Кыргыз Республикасынын мамлекеттик жарандык кызматчыларына жана муниципалдык кызматчыларына эмгек акы төлөө шарттары” жөнүндө Жарлыгынын 4-5-бөлүктөрүн, Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетинин 2022-жылдын 1-августу №433 “Кыргыз Республикасынын мамлекеттик органдарын жана жана жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарын тейлеп иштеген кызматкерлерге эмгек акы төлөө шарттары жөнүндө” токтомун жетекчиликке алып, Шумкар-Уя айылдык Кеңешинин сессиясы

**ТОКТОМ КЫЛАТ:**

1. ААК “Айыл-Банк” мамлекеттик банкына алты айлык мөөнөткө берилген каражаттан түшкөн үстөк акча каражатынын жыл башында 2215 беренесине сый акы катарында каралган 4000, 0 (төрт миллион) сом 2024-жылдын июнь айынан баштап, Шумкар-Уя айыл өкмөтүнүн ишин эффективдүү жылдыруу максатында кызматкерлерге төлөнүп берилсин.

2. Эмгек маянага үстөктөр кызматкерлерге иштин татаалдыгы, сапаты, иштин жыйынтыгы, кесиптик демилге көрсөткөндүгүнө жана ар бир даталуу күндөргө жараша ар бир айдын жыйынтыгында өкмөт башчынын буйругу менен кызматтык маянага карата пайыз менен (10% дан 100% га чейин) жана Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетинин 2024-жылдын 7-февралы №52 “Пилоттук режимде административдик-аймактык реформа жүргүзүү мезгилинде Кыргыз Республикасынын жергиликтүү өз алдынча башкаруусунун аткаруу органдарынын ишин уюштуруу жөнүндө” контракттык негизде иштеген кызматкерлерге 40% га чейин үстөк акы айыл өкмөт башчынын кароосуна белгиленсин.

3. Токтом кол коюлган күндөн тартып күчүнө кирет.

4. Токтомду мыйзам чегинде аткаруу жагы Шумкар-Уя айыл өкмөтүнүн башчысы Б. Кыдыралиевге милдеттендирилсин.

**Төрага** **А.Борукеев**